**К.Ш.ТОКТОМАМАТОВ АТЫНДАГЫ ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ТАЖИК УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**К.08.17.564 МАМЛЕКЕТТЕР АРАЛЫК ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШИ**

**Кол жазма укугунда**
**УДК: 330.12+338.26(575.3)**

**САТТОРОВ ЭРАДЖ ИБОДУЛЛОЕВИЧ**

# ДҮЙНӨЛҮК ЧАРБАДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК БАЙЛАНЫШТАРДЫ ИНТЕГРАЦИЯЛОО ШАРТТАРЫНДА КАЛКТЫН ЖЫРГАЛЧЫЛЫГЫНЫН ДЕҢГЭЭЛИН ЖОГОРУЛАТУУНУН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ

***(Тажикстан Республикасынын материалдарынын негизинде)***

**Адистиги: 08.00.05 – Экономика жана эл чарбасын башкаруу (ишканалардын, тармактардын, комплекстердин экономикасы, аларды уюштуруу жана башкаруу)**

**Экономика илимдеринин кандидаты**
**окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн**
**жазылган диссертациянын**
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

БИШКЕК – 2018

Диссертациялык иш Тажик каржы-экономикалык университетинин Экономикалык теория кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчиси:** **Кочербаева Айнура Анатольевна**
экономика илимдеринин доктору, профессор

**Официалдуу оппоненттер:** **Тургунбаев Жусуп Тургунбаевич**
экономика илимдеринин доктору, профессор

**Шамсов Илёсджон Сафарович** (Тажик улуттук университети, Душанбе шаары)
экономика илимдеринин кандидаты, доцент

**Жетектөөчү уюм:** Тажик Республикасынын Илимдер академиясынын Экономика жана демография институту,
734024, Душанбе шаары, Айни көчөсү 44.

Диссертация К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин Илимий изилдөөлөр, иштелмелер жана инновациялар борборунда, К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин, Ош мамлекеттик университетинин жана Тажик улуттук университетинин алдындагы экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча К.08.17.564 мамлекеттер аралык диссертациялык Кеңешинин отурумунда 2019-жылдын 28-февралында саат 14-00 дө корголот. Дареги: 715613, Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад шаары, Спутник кичи району, Жеңи-Жок көчөсү, № 30.

Диссертация менен К.Ш.Токтомаматов атындагы Эл аралык университеттин илимий китепканасында таанышууга болот. Дареги: 715613, Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад шаары, Жеңи-Жок көчөсү, № 30.

Автореферат 2019-жылдын 28-январында таратылды.

К.08.17.564 мамлекеттер аралык
диссертациялык кеңешинин
окумуштуу-катчысы,
э.и.д., доцент: Маткеримова А.М.

# I. ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнун темасынын актуалдуулугу.** Тажикистанды социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн негизги максаты болуп калктын жыргалчылыгынын деңгээлин жогорулатуу жана адамдардын материалдык жана руханий байлыктарга болгон өсүп бара жаткан керектөөсүн канааттандыруу саналат. Экономиканын бардык секторлору, ошондой эле социалдык чөйрө да дал ушул багытта аракеттенишет жана иштешет.Ушуга байланыштуу социалдык-экономикалык өнүгүүнү бирдиктүү жараян, же бир медалдын эки бети сыяктуу кароо керек.

Эки чөйрө тең (экономикалык жана социалдык) адамдын жыргалчылыгы үчүн кызмат кылгандыктан, адамдардын материалдык жана руханий байлыктарга болгон түрдүү түрдөгү керектөөсүн изилдөө, бул керектөөлөрдүн кыймылы, ошондой эле аларды канааттандыруу жолдору кызыкчылыкты жаратат. Мындан экономикалык жана социалдык чөйрөлөрдөгү ишмердүүлүктүн адамдардын тиричилик ишмердүүлүгү, өзгөчө алардын кайра өндүрүү жараянындагы, б.а. өндүрүштөгү, бөлүштүрүүдөгү, жүгүртүүдөгү жана керектөөдөгү эмгек ишмердүүлүгү менен болгон байланышы көрүнөт.

Экономиканы глобализациялоо шарттарында жогоруда айтылган жараяндар өлкөлөр арасындагы сырткы соода жана экономикалык кызматташтык аркылуу ишке ашырылуучу дүйнөлүк чарбалык байланыштардын базасында болуп жатат жана мындан кийин да боло бермекчи. Ошондуктан да Тажикистандын экономикалык саясаты дүйнөлүк коомчулуктагы өнөктөштөр менен кызматташууну өнүктүрүүгө багытталган болуусу керек. Бүгүнкү күндөгү чындык мамлекеттик көз карандысыздык мезгили ичинде Тажикистандын дүйнөлүк аренадагы орду менен ролунун маанилүү өскөндүгүндө турат. Экономиканын өсүүсүн камсыз кылуудагы кыйынчылыктарга карабастан, мамлекеттин эң маанилүү функциясы болуп калкты социалдык коргоону камсыз кылуу саналат.

Ошол эле учурда бүгүнкү күндө калктын жыргалчылыгын жогорулатуунун мамлекеттик социалдык саясатынын негиздерин илимий жактан иштеп чыгуу эң маанилүү теориялык жана практикалык мааниге ээ болуп жатканын айта кетүү зарыл.

Өз кезегинде жыргалчылык көйгөйлөрү татаал комплекстүү мүнөзгө ээ, анда жыргалчылыктын үч өз ара байланышкан жана ошол эле учурда өз алдынча болушкан маселелери теңме-тең өлчөмдө катышышат. Алар төмөнкүлөр:

- адамдардын материалдык жана руханий байлыктарга болгон мейкиндиктеги жана убакыттагы улам өсүп бара жаткан керектөөлөрүн аныктоо;
- адамдардын материалдык жана руханий байлыктарган болгон керектөөлөрүн продукттук жана ассортименттик, ошондой эле түрлөр боюнча камсыз кылуу.

Жогоруда айтылгандардын бардыгы рыноктук мамилелердин иштөөсүнүн, ошондой эле улам барган сайын кеңейип бара жаткан дүйнөлүк чарбалык байланыштардын шарттарында ишке ашырылат.

Ошону менен бирге Тажикстанда өнүгүүнүн учурдагы этабы үчүн калктын жыргалчылыгынын көйгөйлөрүн комплекстүү изилдөө бир катар кемчиликтерге ээ, жекече алганда, басым бул көйгөйдүн айрым тараптарынын, мисалы, агроөнөржай комплексинин, социалдык чөйрөнүн же калктын кирешелеринин өнүгүүсүнө жасалууда. Алардын ич ара байланыштарынын көйгөйлөрүн окуп-үйрөнүүгө жетишээрлик көңүл бурулбай келет. Мындан сырткары, илимий эмгектерде жана иштелмелерде калктын кирешелеринин түптөлүүсүнө карата экономикадагы интеграциялык байланыштардын ролу ачылган эмес. Адамдардын жыргалчылыгын жакшыртуунун ушул жана ушуга окшош башка учурлары изилдөөнүн темасын тандоону алдын ала аныктады.

**Диссертациянын темасынын илимий программалар менен болгон байланышы.** Диссертация жаңы багытты көрсөткөн “Тажикстандын калкынын жыргалчылыгын деңгээлин 2013-2015-жылдарга жогорулатуунун стратегиясы” мамлекеттик программасынын алкагында аткарылды. Иштелип чыгылган сунуштар жана сунуштамалар изилдөөлөрдүн темасына Тажикстандын Каржы-экономикалык институтунун илимий изилдөөлөрүнүн пландарына ылайык кошулган.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациянын максаты калктын жыргалчылыгынын деңгээлин жогорулатууну теориялык негиздөөдө жана муну ишке ашыруучу факторлорду издеп табууда, мамлекеттин социалдык саясатынын жана анын өлкөнүн экономикасынын дүйнөлүк чарбалык тутумга интеграциялануу шарттарында иштөөсүнүн натыйжаларын баалоонун натыйжалуу механизмдерин калыптандыруу боюнча иш-чараларды жана сунуштамаларды иштеп чыгууда турат.

Коюлган максатты ишке ашыруу төмөнкү **милдеттерди** чечүүнү көздө тутат:

✓ жыргалчылыктын негизги булагы катары болгон эмгек ишмердүүлүгүнөн түшкөн кирешелердин маңызын жана мазмунун окуп-үйрөнүү;

✓ жыргалчылыктын деңгээлдерин жана кирешелердин теңсиздиги жагдайын өлчөөнүн усулдук маселелерин тактоо;

✓ интеграциялык экономикалык байланыштардын калктын кирешелеринин жана жыргалчылыгынын түптөлүүсүнө тийгизген таасирин изилдөө;

✓ Тажикстандын калкынын жыргалчылыгынын заманбап дүйнө-чарбалык жараяндардын таасири астындагы деңгээлин жогорулатуунун тенденцияларын жана факторлорун орнотуу;

✓ калктын жумуштуулугун жакшыртуунун жана ушул негизде жыргалчылыкты жогорулатуунун негизги булагы катары болгон үй-бүлөлөрдүн кирешелерин жогорулатуунун жолдорун белгилөө;

✓ калктын жыргалчылыгын жогорулатууга кол кабыш кылуучу экономикадагы интеграциялык жараяндарды өнүктүрүүнүн жолдорун сунуштоо.

**Изилдөөнүн объекти** болуп жыргалчылык деңгээлинин негизги параметрлери, таасир берүүчү факторлор, Тажикстандын калкынын кирешелеринин теңсиздигинин тенденциясы жана алардын өлкөнүн экономикасынын дүйнөлүк чарба тутумуну интеграциялануусунун таасири астындагы динамикасы саналат.

**Изилдөөнүн предмети** болуп кирешелерди калк арасында тегиз бөлүштүрүүнү камсыз кылуу жана өлкөнүн калкынын жыргалчылыгынын деңгээлин анын дүйнөлүк экономикалык тутумга интеграциялануусу жараянында болуп жаткан экономикалык жана социалдык мамилелер саналат.

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы** төмөнкүлөрдө турат:

- автордун ою боюнча, индивиддин эмгектик ишмердүүлүгү жана салынган эмгектин саны жана сапатына ылайык төлөнгөн эмгек акы индивиддин жана анын үй-бүлөсүнүн мүчөлөрүнүн жыргалчылыгын камсыз кылуу үчүн арналган кирешенин негизги булагы болуп саналат. Бирок, жыргалчылыктын деңгээли керектөө маданиятынан, үй-бүлөнү жана жашоо деңгээлин пландаштыруудан да көз каранды;

- методологиялык планда жыргалчылыктын деңгээлинин өзгөрүүсү жашоо деңгээлинин үч түзүүчүлөрүнүн макулдашылган иш-аракетине жетишүүдө, тактап айтканда, адамдардын материалдык жана руханий байлыктарды керектөөсүн аныктоодо; адамдардын керектөөсүнүн продукттук жана ассортименттик камсыздалуусунда; калктын материалдык жана руханий байлыктарды сатып алуусу үчүн болгон сатып алуучулук жөндөмдөрүн камсыз кылууда турат;

- автор жыргалчылыктын деңгээлине көп тараптан сырткы соода (экспорт, импорт), экономикалык кызматташуу ж.у.с. түрүндөгү интеграциялык байланыштар таасирин тийгизет деп белгилейт. Алар аркылуу товарларды сатуу-сатып алуу жолу менен эмгектин натыйжалары аныкталат, бул калктын кирешелеринин деңгээлинде да чагылат деп белгилейт;

- калктын жыргалчылыгынын учурдагы абалын талдоо, калктын жашоо деңгээлине таасирин тийгизүүчү тенденцияларды жана факторлорду табуу жолу менен анын деңгээлин жогорулатуунун резервдери аныкталды;

- калктын жумуштуулугун жаңы жумуш орундарын түзүүнүн, ишкердик ишмердүүлүктү өнүктүрүүнүн бар болгон экономикалык потенциалын колдонуунун тактикасын жана стратегиясын туура түзүүнүн эсебинен жакшыртуунун жолдору сунуш кылынды;

- социалдык жана экономикалык өнүгүүнүн бири-биринен ажырагыс байланышын эске алуу менен калктын жыргалчылыгын жогорулатуунун фактору катары болгон калкты социалдык коргоону жакшыртуунун жолдору сунушталды;

- автор экономиканы глобалдаштыруунун жана дүйнө-чарбалык байланыштарды күчөтүүнүн шарттарында калктын жыргалчылыгын жогорулатуунун багыттарынын бири катары сырткы соода-сатык аркылуу

кирешелерди калыптандыруу менен түздөн-түз байланыштуу болушкан интеграциялык жараяндар саналышат деп эсептейт.

**Иштин теориялык жана практикалык маанилүүлүгү.** Теориялык маанилүүлүгү өлкөнүн калкынын жыргалчылыгынын жана кирешелеринин теңсиздигинин деңгээлине таасир берүүчү факторлорду негиздөөдө турат.

Диссертациянын практикалык маанилүүлүгү изилдөөнүн жүрүшүндө алынган натыйжаларды колдонуу мүмкүнчүлүктөрүн издеп табууда жана аларды социалдык саясат тутумун өркүндөтүү боюнча иш-чараларды иштеп чыгуу менен байланышкан органдардын ишмердүүлүгүндө колдонууда турат.

Диссертациянын экономикалык маанилүүлүгү анык берилген сунуштамаларда турат. Аларда аймактын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн артыкчылыктары, айрым территорияларды экономикалык өнүктүрүүнү моделдөө, эмгек ресурстарын пайдаланууну жакшыртуу камтылган.

**Коргоого алынып чыгылган негизги жоболор. Эл алдында коргоого төмөнкүлөр тиешелүү:**

- изилдөөнүн автордун өзү тарабынан алынган, калктын жыргалчылыгын калыптандырууга тиешелүү болгон теория жана методология областтарындагы натыйжалары;
- иште “ккомдук жыргалчылык” жана “жекече жыргалчылык” болуп бөлүнгөн жыргалчылык түшүнүгү түптөлдү, бул жыргалчылыктын көптөгөн маанилерин анын деңгээлин аныктоодо, динамикада салыштырмалуу баа берүүдө алууга мумкүнчүлүк берет.

Мында салыштырылып жаткан каалагандай убакыт мезгилдери үчүн жыргалчылыктын эки белгиси орнотулат, анын бири мамлекет кирешелерди кайра бөлүштүрүүнүн жардамында камсыз кылган коомдун бардык мүчолөрүнүн жыргалчылыгынын негизинде катталат (“жыргалчылыктын коомдук формасы”), ал эми экинчиси жеке жыргалчылыктын белгисин билдирет.

**Изденүүчүнүн өздүк салымы.** Автор тарабынан экономикалык, социалдык, илимий-техникалык жана уюштуруучулук шарттарды түзүүнүн жана пайдалануунун теориялык жана практикалык аспекттери жалпыланды.

**Диссертациянын натыйжаларын колдонуудан өткөрүү.** Диссертациялык иштин негизги жоболору эл аралык жана илимий-практикалык конференциялардын жүрүшүндө доклад кылынды жана талкууланды.

**Диссертациянын натыйжаларынын басылмаларда чагылдырылуусунун толуктугу.** Диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору жалпы көлөмү 3,84 басма табак болгон 11 иште, анын ичинде КР нын Жогорку аттестациялык комиссиясы тарабынан сунуш кылынган басылмаларда жарык көрдү.

Диссертациянын түзүмү жана көлөмү. Диссертациянын түзүмү максаттан жана ага жетишүү үчүн керек маселелердин чечимдеринин логикалык удаалаштыгы менен аныкталып, киришүүдөн, үч баптан, тыянактар жана сунуштардан, пайдаланылган булактардын тизмесинен турат.

Диссертация 168 беттен туруп, өз ичине 16 таблицаны, 15 гистограмманы жана 1 сүрөттү камтыйт.

## II. ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу негизделип, көйгөйдүн окулуп-үйрөнүлгөндүгүнүн даражасы чагылдырылган, изилдөөнүн максаты жана милдеттери аныкталган, иштин илимий жаңылыгы жана практикалык маанилүүлүгү түптөлгөн, изилдөөнүн түзүмү берилген.

**"Калктын жыргалчылыгын жогорулатууну изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери" деп аталган биринчи бапта** жыргалчылыктын негизи катары болгон эмгек ишмердүүлүгүнөн алынган кирешенин маңызы жана мазмуну, жыргалчылыкты ченөөнүн жана алардын теңсизидиги көйгөйүн изилдөөнүн мутодологиялык маселелери жана интеграциялык экономикалык байланыштардын калктын кирешелерин жана жыргалчылыгын түптөөгө тийгизген таасири каралган.

Калктын жыргалчылыгын жогорулатуу жана кирешелеринин тең өлчөмдүүлүгүн камсыз кылуу социалдык чөйрөнүн максатын аныктоочу катары болгон макроэкономикалык саясаттын актуалдуу маселеси болуп саналат.

Бул айтылгандардан төмөнкүдөй тыянак чыгарууга болот: калктын кирешелерин түптөө адамдардын материалдык жана руханий байлыктарга карата жогорулоо тенденциясына ээ болгон керектөөсүн канааттандыруунун негизи болуп саналат. Мунукоомдун жана адамдын өзүнүн өнүгүүсүнө жараша жогорулоочу керектөөлөрдүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн түптөө менен, жекече алганда, марксизм менен ленинизмдин классиктери да тастыкташты.

Бирок, материалдарды жана руханий байлыктарды улам жогорулап жаткан керектөөнү канааттандыруу адекваттуу иш-чараларды көрүү маселесин коёт, анда тарыхый мезгилдин ар бир кесиндисинде улам өсүп бара жаткан керектөөлөр менен түзүлүп жаткан материалдык жана руханий байлыктардын тобунун арасындагы тең салмактуулук камсыз болунуусу керек. Башка сөз менен айтканда, адамдардын улам жогорулап жаткан керектөөлөрүнүн артынан өсүп бара жаткан бул керектөөлөрдү канааттандыруу үчүн материалдык жана руханий байлыктарды түзүүнүн жолдору табылуусу зарыл.

Экономиканын глобалдашуусунун жана анын түрдүү чөйрөлөр, аймактар жана мамлекеттер арасындагы улам күчөп бара жаткан интеграциясынын шарттарындагы өнүгүүнүн учурдагы этабында материалдык жана руханий байлыктарды түзүүнү камсыз кылуу, ошондой эле аларды калктын түрдүү топторунун арасында мейкиндикте жана убакытта бөлүштүрүү жараяны да мааниге ээ. Бул, эреже катары, айрым

мамлекеттердин жана алардын административдик-аймактык бөлүнмөлөрүнүн алкагында болуп өтөт.

Азыркы коомдо жыргалчылык көйгөйү өтө актуалдуу. Ушуга байланыштуу көптөгөн экономисттер тутумдуу түрдө жыргалчылыкты экономикалык илимдин предмети катары карап келишкен.

Калктын жыргалчылыгынын деңгээли мааниси боюнча жашоо деңгээли менен жакын экендиги жөнүндө айтып өтүү зарыл, анткени жыргалчылыкты коштоочулар жашоо деңгээлинин тигил же бул градациясын чагылдырат.

Жыргалчылыктын деңгээли коомдун эмгек ишмердүүлүгүнөн көз каранды болгондуктан, коом үчүн эмгекке жарамдуу курактагы калктын бардык катмарын бир эле убакта эмгектин эмгекчинин каалоосунан сырткары түрдүү күчкө салууну жана мажбурлоону жокко чыгаруучу шарттарын жана мазмунун жакшыртуу менен эмгек ишмердүүлүгүнө тартуу маанилүү.

Жыргалчылык көйгөйү – бул комплекстүү түшүнүк, анын деңгээлин практикада мындай ченегичтер бар экендигине карабастан бир же бир нече корсөткүчтөр менен ченөөгө болбостугун белгилей кетүү керек.

Калктын жыргалчылыгы материалдык өндүрүштөн, тейлөө чөйрөсүнүн деңгээлинен, рыноктун механизминен жана рыноктук мамилелердин экономикалык институту (субъекти) катары болгон мамлекеттин кийлигишүүсүнөн көз каранды.

Эмгек наркы теориясынын негиз салуучулары А.Смит, Д.Рикардо, К.Маркс нарктын жалгыз булагы болуп материалдык өндүрүш чөйрөсүндө жаңы наркты түзүүчү тирүү эмгек болот деп белгилешкен. Алардын ою боюнча киреше жумушчулардын эмгеги менен гана түзүлөт. Жумушчу күчүнүн наркы зарыл болгон эмгек менен, кошумчалануучу нарк – кошумчаланган эмгек менен түзүлөт.

Бул үчүн аймактагы товар жана кызматтарды өндурүүчүлөргө илимий-техникалык прогресстин жана технологиялардын, ошондой эле өндүрүштү уюштуруунун инновациялык ыкмаларын колдонуу боюнча мүмкүнчүлүктөрдүн кеңири алкагы берилген. Бир сөз менен айтканда, рыноктун милдети – бул өндүрүштүн жана бүтүндөй экономиканын натыйжалуулугун камсыз кылуу.

Ошону менен бирге башка, тактап айтканда түзүлгөн кирешелерди калктын түрдүү топторунун арасында адилеттүү бөлүштүрүү көйгөйү да бар. Көп бөлүгү адамдардын эмгек ишмердүүлүгү менен түзүлгөн кирешелерди бөлүштүрүүнүн негизинде салынган эмгектин саны жана сапаты жатат. Рынок мындай бөлүштүрүүнү эмгектин санынан жана сапатынан гана эмес, мындай эмгекке болгон суроо-талап менен сунуштан да көз каранды түрдө камсыз кылат.

Өз кезегинде эмгекке болгон суроо-талап калктын жумуштуулугун тескөө маселесин гана эмес, жыргалчылыктын потенциалын да чагылдырат. Тигил же бул жердеги калктын жумуштуулугу канчалык толугураак жана

натыйжалуураак болсо, жыргалчылыктын тиешелүү деңгээлин камсыз кылуу мүмкүнчүлүгү ошончолук жогору болот.

Мисалы, Тажикстан үчүн өзгөчө айыл жергесиндеги калктын жумуштуулугунун, жумушсуздугунун жана кирешесинин татыктуу деңгээлин камсыз кылуу көйгөйлөрү эмгекке жарамдуу калктын жумушка жайгаштыруунун вакانттык орундарына салыштырмалуу өсүүсүн эсепке алуу менен артыкчылыктуу маселе болуп саналат.

Калктын жумуштуулугунун жана жыргалчылыгынын көйгөйлөрүн изилдөө бир тыянакка, тактап айтканда, Тажикстан Республикасында орун алган коомдук жыргалчылыктын негизги көйгөйү – бул эмгек рыногундагы рыноктук суроо-талаптын тескелбей тургандыгы экендигине алып келди. Бул көйгөйдү чечүү инвестицияларды тартуудан жана колдонуудан көз каранды. Инвестициялык ишмердүүлүк товарларды жана кызматтарды сунуштоону көбөйтөт, бул натыйжада баалардын деңгээлинин төмөндөөсүнө алып келет.

Жыргалчылыктын параметрлерин сандык жана сапаттык аныктоо чоң мааниге ээ. Муну төмөнкүдөй сүрөттөөгө болот (1-сүрөт)




1-сүрөт – Материалдык жана руханий байлыктарга болгон керектөөлөрдү канааттандыруу жараяны

Булагы: автор тарабынан түзүлдү

Сүрөттөн көрүнүп тургандай, адамдардын материалдык жана руханий байлыктарга болгон керектөөсүн канааттандыруу жараяны үч бөлүктөн турат, алардын ар бири өзүнчө жашайт, бирок, ошол эле учурда алардын өзүн көрсөтүүсү ар биринин башка бөлүктөр менен болгон өз ара байланышы жана өз ара шартталуусу менен шартталган

Биздин көз карашыбызда үй-бүлөнүн жыргалчылыгынын көйгөйүнө тиешелүү болгон маселелер аз үйрөнүлгөн көйгөй болуп саналат. Үй-бүлөнүн ар бир мүчөсү алымсынган жана канааттанган болуусу үчүн мындай

жыргалчылыкка жетишүү зарыл нерсе. Иштин баары жаратылышта убакыттын ар бир кесиндисинде жыргалчылык нормалдуу деңгээли үчүн жетишээрлик деп эсептелинүүчү жыргалчылыктын деңгээлин түшүнүүдө да, канааттануунун керектөөлөрүн аныктоодо да бир түрдүүлүк жок экендигинде турат.

Биринчиден, буга чейин экономикалык теориянын классиктери белгилешкендей, керектөөлөр чексиздикке умтулушат, ал эми аларды канааттандыруу мүмкүнчүлүктөрү чектелген. Мындан, чексиз керектөөлөр менен аларды канааттандыруунун чектелген мүмкүнчүлүктөрүнүн арасындагы макулдукка жетишүү дээрлик мүмкүн эмес.

Экинчиден, адамдардын ар бир категориясында объективдүү жана субъективдүү себептер менен жыргалчылык жөнүндөгү, сандык жана сапаттык катыш жөнүндөгү көз караштар түрдүүчө болот. Бул түшүнүктөрдүн бири-бирине ылайык келбөөсү керектөөлөрдүн тутумун да, аларды канааттандыруунун жолдорун талкуулоонун түрдүү деңгээлдерине алып келет. Ошондуктан, балдар, чоңдор, пенсионерлер үчүн жана ошону менен бирге жашаган жери ж.б. белгилер боюнча минималдуу керектөөчүлүк бюджет сыяктуу нормалар бар.

Үчүнчүдөн, жыргалчылык жөнундөгү көз караштардын түрдүү деңгээлдерин түзүүчү жаратылыш факторлору, эмгек ишмердүүлүгүнүн мүнөздөмөлөрү, калктын мейкиндиктеги жайгашуусу жана анын жыныстык-куруктык түзүмү менен байланышкан объективдүү шарттар да бар.

Акыркысы, жыргалчылыктын деңгээли жана канааттануу даражасы жөнүндөгү көз караштардын теңсиздигин жаратышкан өлкөлөрдүн тарыхый жолдорунун, адамдарынын түрдүү категорияларынын эмгек жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү ж.у.с. негизиндеги экономикалык жана социалдык өнүгүүсүндө айырмачылыктар бар.

Дүйнөлүк экономика бирдей эле продуктту экономикалык натыйжалуулуктун түрдүү даражасында өндүрүүгө жөндөмдүү болушкан түрдүү өлкөлөрдүн ички өндүрүштүк мүмкүнчүлүктөрүнүн принцибине негизделген. “Эгерде өлкөнүн өндүрүштүк потенциалы ресурстардын түзүмү менен технологиялык прогресстин эң жогорку деңгээлдериндеги айырмачылыкты колдонуу менен байланышкан рационалдуу чыгымдар ыкмасынын негизине базаланган болсо, бул өлкөлөр арасындагы продукциянын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнүн түрлөрүнө адистелүүсүнүн негизги себеби болуусу мүмкүн”.

Учурдагы дүйнө-чарбалык социалдык-экономикалык жараяндардын спецификаларынын бири болуп өлкөнүн эмгекти эл аралык бөлүштүрүүдө катышуусу болуп саналат. Эмгекти эл аралык бөлүштүрүүгө таасир этүүчү факторлор бардык өлкөлөр үчүн бирдей. Себеби дүйнө-чарбалык тутум өлкөнүн өнүгүүнө жетишүү үчүн мүмкүнчүлүктөрдүн комплексине ээ.

Мындай факторлорго төмөнкүлөрдү кошууга болот:

- Өлкөнүн ички рыногунун көлөмү.

Ички рыногунун өнүгүүсүнүн тенденциясынан жана даражасынан көз карандысыз түрдө өлкөлөр эл аралык адистештирүү менен товар алмашууда катышуулары керек. Мисалы, өнүккөн рыногу бар ири өлкөлөрдө зарыл болгон өндүрүшү факторлорун жана керектөөчүлүк товарларды табуу мүмкүнчүлүгү чоң. Импорттук товарлар Тажик Республикасынын ички рыногун басып барууда. Бул жагдай өлкөнүн, өзгөчө ата-мекендик өндүрүштүн экспортунун алсыздыгы жөнүндө маалымдайт (1-график).




| | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Экспорт млн.долл | 1010,3 | 1194,7 | 1257,3 | 1359,7 | 1161,8 | 977,3 | 890,6 | 898,7 | 1198 |
| Импорт млн.долл | 2569,6 | 2656,9 | 3206 | 3778,4 | 4150,7 | 4297,4 | 3435,6 | 3031,2 | 2774,9 |

**1-график - 2009–2017-жылдардагы экспорт менен импорттун тенденциялары.**
Булагы: Автор тарабынан “Тажикстан в цифрах - 2018” статистикалык жыйнагынын маалыматтары боюнча даярдалды.

1-график экспорттун көлөмү азайып, импорт болсо, тескерисинче, өскөндүгүн чагылдырат. Мындай абал экономиканын өсүүсүн камсыз кылбайт. Талданып жаткан мезгил ичиндеги экспорттун көлөмү өтө аз. Мисалы, 2009-жылы экспорттун көлөмү ар бир импорттон 2,5 эсеге аз. Бул маалыматтар Тажикстан Республикасы эмгекти эл аралык бөлүштүрүүдө жигердүү катышуусу керектигин далилдейт.

- Өлкөнүн экономикалык өнүгүүсүнүн деңгээли.

Бул фактор өлкөнүн экономикалык потенциалы канчалык аз болсо, анын эмгекти эл аралык бөлүштүрүүдө катышуусунун зарылдыгы ошончолук чоң болоорун көрсөтөт, б.а., экономикалык потенциалы чоң жана кичине болгон өлкөлөр эмгекти эл аралык бөлүштүрүүдө катышканы үчүн пайда алуусу мүмкүн. Өлкөнүн экономикалык өнүгүүнүн кандайдыр бир деңгээлине киргенинен көз карандысыз түрдө анын катышуусу башка өлкөлөр үчүн пайдалуу. Мисалы, экономикалык өнүгүүсүнүн деңгээли жогору болгон өлкөдөн башка өлкөлөр анын мүмкүнчүлүгүнөн пайдаланышат.

- Өлкөнүн жаратылыш ресурстары менен камсыз болуусу.

Өлкөнүн моно ресурстар (мисалы, нефть) менен камсыз болуусунун жогору даражасы, ошондой эле пайдалуу кен байлыктар менен камсыз болуусунун төмөн даражасы бул өлкөнүн эмгекти эл аралык бөлүштүрүүгө жигердүү катышуусунун зарылдыгын жаратат. Себеби, эмгекти эл аралык

бөлүштүрүүдө катышуу пайдалуу кен байлыктар менен аз даражада камсыз болгон өлкөнүн экономикасынын өсүүсүн жаратат жана монoресурстар менен жогору даражада камсыз болгон өлкөнүн туруктуу өсүү тенденциясы камсыз кылынат.

Иште калктын жыргалчылыгы курамы боюнча түрдүү керектөөлөргө канааттануунун абалын мүнөздөшкөн көптөгөн элементтерден турган татаал экономикалык кубулуш катары мүнөздөлөт. Канааттануу даражасынын негизинде калктын үй-бүлөгө бөлүштүрүлгөндөгү жана индивиддин эмгектик жана башка ишмердүүлүгүнөн түшкөн кирешелери жатат.

Автордун оюю боюнча жыргалчылыктын деңгээлин ченөөнүн методологиялык аспекттери үч багытта, тактап айтканда адамдардын материалдык жана руханий байлыктарга болгон мейкиндиктеги жана убакыттагы керектөөлөрүн эсептөөдө; керектөөлөрдү продукттук жана ассортименттик камсыз кылууда; калктын сатып алуучулук жөндөмдүүлүгүн камсыз кылууда, б.а., керек болгон материалдык жана руханий байлыктарды рыноктук механизмдин аракеттерине, ошондой эле керектөөнүн коомдук фонддорун бөлүштүрүүнүн кабыл алынган тартиптерине ылайык сатып алууда турат.

Адамдардын материалдык жана руханий байлыктарды керектөөсү түрдүүчө жана алар жашоодогу жагдайлардан көз каранды түрдө динамикалуу өзгөрүп турат, ошондуктан жыргалчылыктын деңгээлин ченөө объектин тандоо чоң мааниге ээ. Булардын катарына административдик-чөлкөмдүк бирдиктерде, аймактарда, өлкөдө жана дүйнөлүк коомчулукта жашашкан индивид, үй-бүлө, адамдардын тобу кирет.

Калктын материалдык жана руханий байлыктарга болгон төлөмгө жөндөмдүү суроо-талаптарын канааттандыруу – коомдук өнүгүүдөгү кирешелердин жана ресурстардын айлампасынын татаалдыгынын айынан көп кырдуу жана көп аспекттүү жараян. Мында, биздин көз караштa, дүйнөдөгү эч бир өлкө, анын ичинде Тажикстан да обочолонгон түрдө болбогондугун эске алуу менен экономиканын эл аралык интеграциялануусу учурларына өзгөчө акцент жасоо керек. Иште төмөнкүдөй тезисти алга сүрдүк: интеграциялык байланыштар канчалык кеңири жана терең болсо, экономикалык жашоонун, а демек калктын интеграциялык байланышка катышуусунан түшкөн кирешелеринин да сапаты ошончолук жогору болот.

**“Тажикстандын калкынын жыргалчылыгынын деңгээлин заманбап дүйнө-чарбалык жараяндардын таасири астында жогорулатуунун тенденциялары жана факторлору” деген аталыштагы экинчи бапта** Тажикстан Республикасынын калкынын жыргалчылыгынын деңгээли жана анын эмгектик ишмердүүлүктөн түшкөн кирешелерден көз карандылыгы талданып, калктын жыргалчылыгынын деңгээлине жана анын социалдык коргоо менен болгон байланышына баа берилди, дүйнө-чарбалык интеграциялык байланыштардын учурдагы абалы жана алардын калктын жыргалчылыгына тийгизген таасири окуп-үйрөнүлдү.

Тажикстандын калкынын жашоо деңгээли эгемендүүлүк жылдары ичинде бир маанилүү эмес мүнөздөлөт. Советтик доордон кийинки мезгилде жашоо деңгээли кыйшаюусуз төмөндөдү. Бирок 1997-жылдан баштап экономиканын жандануусу башталды жана калктын жашоо деңгээли улам өсө баштады. Бирок, бүгүнкү күндө Тажикстан КМШ дагы кедей мамлекеттердин бири бойдон калууда. Калктын жашоосунун жалпы деңгээлине калктын бир адамына болгон ички дүң продукт (ИДП), керектөөчүлүк баалардын индекси, мамлекеттик бюджеттин дефицити (профицити) жана алардын динамикасы таасирин тийгизет.

Тажикстанда жакырчылыкты жоюу өзгөчө айыл жергелериндеги түрдүү социалдык программаларды ишке ашыруунун эсебинен болуп жатат. Бул программалар үй чарбаларынын натыйжаларын өстүрүүгө, айыл эмгегинин продуктивдүүлүгүн жакшыртууга жана айыл чарба ишмердүүлүгүнүн айыл чарбалык эмес багыттагы иштердин башка түрлөрү менен интеграциялануусуна багытталган. Бул өтө маанилүү, анткени республикадагы айыл чарбасынан түшкөн кирешелер анча чоң эмес, бүткүл кирешелердин 1/3 бөлүгүң гана түзөт. Кирешелердин калган бөлүгү экономиканын башка секторлорундагы эмгектик ишмердүүлүктөн камсыз кылынат. Ошондуктан, азыркы учурда үй-бүлөлүк кирешеге түрдүү булактардан болгон салымды айырмалоо кыйын, анткени бир эле үй-бүлөнүн мүчөлөрү биргеликте чолкөмдөрдүн жана бүтүндөй өлкөнүн экономикалык өнүгүүсүн камсыз кылышкан экономиканын түрдүү секторлорунда эмгектенишет.

Тажик үй-бүлөлөрүнүн жашоо деңгээлинин мүнөздүү белгиси болуп үй-бүлөлүк бюджеттин түрдүү муктаждыктарга болгон чыгымдары саналат. Тажик үй-бүлөлөрүндө тамак-ашка болгон чыгымдардын деңгээли салыштырмалуу жогору (үй-бүлөлүк бюджеттин 50% нан ашуун), бул өнүккөн өлкөлөрдөгүгө караганда 2,5 эсеге жогору. Үй-бүлөлүк кирешелеринин көп бөлүгүн тамак-ашка жумшоо менен Тажикстандын калкы башка муктаждыктарга, тактап айтканда, билим алууга, саламаттыкты сактоого, эс алууга, интеллектуалдуу өсүүгө ж.у.с. кеткен чыгымдарды азайтышат, бул адамдын өнүгүүсүнүн индексинде да чагылууга ээ болот.

Практика көрсөткөндөй, калктын жыргалчыгынын деңгээлине катуу таасир берүүчү негизги фактор болуп эмгек акынын эсебинен болгон киреше саналат. Эмгек акы менен тең катарда калктын кирешелеринин курамына кирген, чоң үлүштү түзүшкөн жана жыргалчылыктын деңгээлине оң тасир беришкен кирешелерди түптөөнүн дагы башка булактары бар. Алардын катарына жеке көмөкчү чарбадан түшкөн киреше ж.б. келип түшүүлөр кирет. Биргеликте бул факторлор ушул мехгил ичиндеги кирешелерди эмепке алганда Тажикстандын калкынын жыргалчылыгынын жогорку деңгээлин детерминациялашып, 93-95%ды түзүштү. Башка факторлордун таасири анча чоң эмес (биргеликте 5-7% га чейин) болду (2-график).




2-график – Калктын акча кирешелеринин туптөлүү булактары

*Булагы:* http: //www.stat.tj; Тажикстан Республикасынын статистикалык жылдык басылмасы, Душанбе, 2018; Тажикстан: Мамлекеттик көз карандысыздыкка 25 жыл; статистикалык жыйнак, Душанбе, 2016-ж, 122-бет.

Тажикстан калктын башына болгон кирешелердин деңгээлине караганда билим берүү менен саламаттыкты сактоодогу жетишкендиктердин деңгээлинде салыштырмалуу жогорураак көрсөткүчтөргө ээ. “Алсак, Тажикстан билим берүү менен саламаттыкты сактоо деңгээлдери боюнча адамдын өнүгүүсүнүн жогору деңгээли менен мүнөздөлүүчү өлкөлөрдүн тобуна кирет (билимдүүлүк жана билим берүүнү менен камтуунун деңгээли орточо алганда 80% дан ашат, ал жашоонун күтүлүп жаткан узактыгы 65-75-жаштын чегинде жатат). Бирок, калктын бир адамына карата ИДП нын деңгээли боюнча Тжикстан адам өнүгүүсүнүн төмөн деңгээлиндеги өлкөлөрдүн категориясына кирет (ППС боюнча 2000 АКШ долларынан аз)”[1]. Мындан, жыргалчылык деңгээлинин материалдык негиздерин теориялык жактан негиздөө маселеси алдыда турат.

Биздин оюбузча, кирешелердин теңсиздигин чектөөгө жана калыктын жыргалчылыгынын деңгээлин жогорулатууга болгон ыктоолордун бири болуп илимий-техникалык базаны жакшыртуу, билим алууга баарына бирдей жеткиликтүүлүккө жетишүү, бардык билим берүүчүлүк деңгээлдерде окутуунун жана тарбиялоонун сапатын жогорулатуу жана экономикалык тармактарды эмгек рыногунун талаптарына туура келген квалификациялуу адистер менен камсыз кылуу саналат.

Жашоо деңгээлинин социалдык түзүүчүлөрү да түрдүү түрдө болуп, көптөгөн жагдайлардан көз каранды түрдө өзгөрөөрүн айта кетүү зарыл. Социалдык керектөөлөрдү сандык-сапаттык ченөө, биздин оюбузча, материалдык байлыктарга болгон керектөөлөрдү аныктоого караганда деле анык бир кыйынчылыкты жаратат. Анткени, кээ бир керектөөлөр, мисалы,

[1] Человеческое развитие. Окуу китеби. Э.и.к., доцент Р.М.Бабаджановдун жалпы редакциялыгы астында. Душанбе, 2014. 74-бет.

билим берүүдө, чеги жок. Адам өмүр бою өзүнүн билим деңгээлин жогорулатуусу мүмкүн, бирок ошол эле учурда канааттанбай калуусу мүмкүн, себеби билим берүүнүн жаратылышынын өзү ушундай.

Материалдык менен тең катарда руханий керектөөлөрдү да канааттандыруу калктын түрдүү катмарларындагы теңсиздик менен коштолот. Мында материалдык байлык деңгээлиндеги теңсиздик негизинен эмгек кирешелеринин тнсиздиги менен байланышкан, анткени түрдүү адамдар эмгекке болгон жөндөмдүүлүктүн түрдүү деңгээлдерине туура келишет. Социалдык керектөөлөрдү канааттандырууга келчү болсок, мында мамлекет керектөөнүн коомдук фонддорун кандайдыр бир себеп менен эмгекке болгон жөндөмдүүлүгүн жоготуп алгандарга, ошондой эле эмгекке жарамдуу жашка жете элек же эмгекке жарамдуулук жашынан өткөндөрдүн пайдасына кайра бөлүштүрүү максатында катышат.

Социалдык керектөөлөргө болгон канааттануунун деңгээлин баалоо социалдык керектөөлөрдүн түрлөрү, ошондой эле аларды канааттандыруу ыкмаларынын өзүнчө көрүнүштөрү менен байланышкан өзүнүн спецификасына ээ. Мисалы, жашоонун узактыгы, биздин оюбузча, социалдык керектөөгө кирет, анткени ал көбүрөөк медициналык кызматтарды көрсөтүүдөн жана медицина нормаларын карманиуудан көз каранды. “Дүйнөлүк рейтингди баалоонун негизинде, дүйнө өлкөлөрүнүн арасында Тажикстан Республикасы 134-орунда болуп, жашоонун узактыгы 67,8 жылды түзөт”[2]. Бул көрсөткүч бир нече жылдар ичинде көрүлгөн социалдык иш чаралардын натыйжасында 2015 жылда 73,6 жаштан жогоруга өстү.

“Калктын билимдүүлүгү жөнүндөгү маалыматтар калкты улуттук каттоонун официалдуу натыйжаларынан алынып, ЮНЕСКО нун Статистика институту тарабынан эсептелинген көрсөткүчтөр менен салыштырылат. Тажикстан Республикасы билим берүүнүн деңгээлинин көрсөткүчү боюнча 2011-жылы дүйнө өлкөлөрүнүн арасында 84-орунда турат, б.а. ушул жылдагы билим берүүнүн деңгээли 0,70 ге тең”[3].

Кирешелердин теңсиздигин жана калктын жыргалчылыгынын деңгээлин эсептөө жана баалоо үчүн колдонулуучу өлчөм болуп калктын акчалай кирешелеринин сатып алуучулук жөндөмдүүлүгү саналат. Бул көрсөткүч калктын жыргалчылыгынын деңгээлин баалоонун көрсоткүчү катары колдонулат. Калктын акчалай кирешелеринин сатып алуучулук жөндөмдүүлүгүн жогорулашы жыргалчылыктын деңгээлинин оң маанилүү даражасын чагылдырат жана тескерисинче, эгерде калктын акчалай кирешелеринин сатып алуучулук жөндөмдүүлүгү туруксуз болсо, анда бул учурда жыргалчылык жеңгээли төмөндөп кетет.

Социалдык камсыздалуунун деңгээлин биринчи кезекте песиялык камсыздалуунун өлчөмдөрү мүнөздөйт (1-таблица).

---

[2] gtmarket.ru/ratings/life-expectancy-index/life-expectancy-index-info

[3] gtmarket.ru › ... › Рейтинг стран мира по уровню образования

1-таблица.

Пенсиялык камсыздоонун негизги көрсөткүчтөрү

| | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 |
|---|---|---|---|---|---|
| Пенсионерлердин саны (жыл аягына карата), миң адам | 610,9 | 603,6 | 617,4 | 642,8 | 664,8 |
| Өткөн жылга салыштырмалуу % менен | 102,4 | 98,8 | 102,3 | 104,1 | 103,4 |
| Бир пенсионерге туура келген, экономикада жумуш кылгандардын саны, адам | 3,8 | 3,9 | 3,9 | 3,7 | 3,6 |
| Белгиленген айлык пенсиянын компенсациялык төлөмдөр менен кошо алынган орточо өлчөмү, (жыл аягына карата) сомони менен | 228,3 | 230,1 | 228,2 | 272,1 | 270,7 |
| Пенсионердин жашоо минимуму, сомони | 130,0 | 130,0 | 130,0 | 156,0 | 156,0 |
| Белгиленген айлык пенсиянын орточо өлчөмүнүн пенсионердин жашоо минимумуна болгон катышы, % менен | 52 | 52 | 52 | 39 | 39 |
| Номиналдуу эмгек акынын орточо өлчөмүнө катышы | 697,8 | 816,3 | 878,9 | 962,2 | 1144,2 |
| Белгиленген айлык пенсиянын чыныгы өчөмү, өткөн дылга салыштырмалуу % менен | 119,5 | 95,0 | 93,7 | 112,6 | 92,7 |
| Социалдык фондко төлөнгө камсыздандыруу төлөмдөрү, млн. сомони | 986,8 | 1333,3 | 1335,8 | 1326,7 | 1489,4 |
| ИДП га карата % менен | 2.44 | 2.92 | 2.76 | 2.44 | 2.44 |

Булагы: http: //www.stat.tj; Тажикстан Республикасынын статистикалык жылдык басылмасы. Душанбе, 2018.

Таблицадагы маалыматтардан көрүнүп тургандай, республикадагы пенсиялык камсыздоо жакшырып жатат. Ошону менен бирге пенсиялардын олчомүн орнотуу жолдору азырынча татаал жана көптөгөн пенсионерлер үчүн түшүнүксүз боюнча калууда. Алсак, пенсиялык камсыздоо, ошондой эле пенсиялык камсыздоо жараянына болгон чыныгы эмгек салымы мурдагыдай эле ачык-айкын эмес бойдон калууда.

Жыргалчылыктын деңгээлин ретроспективдүү талдоо жыргалчылык деңгээли биринчи кезекте эмгектик кирешенин абалынан коз каранды экендигин көрсотөт. Өз кезегинде эмгек ишмердүүлүгүнүн масштабы жана тереңдиги өндүрүштүк күчтөрдүн жана өндүрүштүк мамилелердин өнүгүү деңгээлинен келип чыгат. Биздин көз карашыбызча, советтик доордон кийинки мезгилде Тажикстан рыноктук мамилелердин алгачкы жылдарындагы жана жарандык согуштун шарттарындагы өндүрүштүн көлөмүнүн олуттуу кулоосун баштан кечирүү менен өнүгүүнүн кыйын жана татаал жолун басып өткөнүн белгилей кетүү керек. Кийинчерээк жагдай оң тарапка өзгөрдү жана XXI кылымдан баштап социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрдүн анча чоң эмес өсүүсү байкалууда.

Жыргалчылык деңгээли биринчи кезекте эмгектик ишмердүүлүктөн, тактап айтканда бул ишмердүүлүктөн алынган кирешелердин чоңдугунан көз каранды. Байлыктын көбүрөөк байкалуучу булактары болуп жеке көмөкчү чарбадан, ишкердиктен жана мурастан алынган кирешелер да саналышат.

Жыргалчылыктын анык бир бөлүгүн социалдык жөлөк пулдар, пенсиялар ж.б. төлөмдөр түзөт. Аларды талдоо көрсөткөндөй, социалдык төлөмдөрдүн өлчөмдөрү жылдан жылга өсүп жатат. Майыптык, бала

төрөлгөнүнө ж.б. байланыштуу эмгекке жарамдуулукту жоготуу боюнча жөлөк пулдарды дайындоодо көйгойлөр бар.

Биздин оюбузча, рыноктук мамилелерге негизделген, Тажикстанда өндүрүлгөн товарлар жана кызматтар дүйнөлүк рынокто алардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнө жараша сатылып жаткан учурдагы интеграциялык жана дүйнө-чарбалык байланыштардын калктын жыргалчылыгына тийгизген таасири өтө чоң. Атаандаштыкка жөндөмдүүлүктүн деңгээли канчалык жогору болсо, товарларды жана кызматтарды сатуудан түшкөн кирешелердин деңгээли да ошончолук жогору болот. Демек, дүйнө-чарбалык байланыштар жана экономиканын интеграциясы жыргалчылыктын деңгээлине да бул байланыштардын өнүккөн же өнүкпөгөндүгүнө жараша оң же терс түз таасирин тийгизет.

“Тажикстан Республикасында калктын жыргалчылык деңгээлин жогорулатуу” деп аталган үчүнчү бапта калктын жумуштуулугун жакшыртуунун жана мунун негизинде жыргалчылыкты жогорулатуунун негизги булагы катары болгон үч-бүлөлөрдүн кирешелерин жогорулатуу жолдору каралып, жыргалчылыкты жогорулатуунун фактору катары болгон калкты социалдык коргоону өркүндөтүү боюнча иш-чаралар аныкталды, ошондой эле калктын жыргалчылыгын жогорулатуунун маанилүү шарты болгон экономикадагы интеграциялык жараяндарды өнүктүрүү каралды.

Калктын жашоо деңгээлин жогорулатууда олуттуу орун жумуштуулукка жана жумушсуздукту кыскартууга ажыратылат. Бул түшүнүктүү, анткени жумуштуулук – бул эмгекке жөндөмдүү калкты жумуш менен камсыз кылуу, а демек жашоо үчүн акча табуу мүмкүнчүлүгүн жаратуу гана эмес, жарандардын эмгектик демилгелерин колдоо, алардын өндүрүштүк чыгармачылык эмгектенүү жөндөмдүүлүгүнө кол кабыш кылуу жана сыйлоо да болуп саналат. Бул өз кезегинде калкты социалдык коргоо максатында эмгек рыногун тескөө жолу аркылуу жумуштуулук менен камсыз кылуу жана жумушсуздукту кыскартуу боюнча кечиктирилгис иш-чараларды кабыл алуу зарылдыгы жөнүндөгү тыянакка алып келет.

Калктын жумуштуулугунун борбордук көйгөйү болуп эмгекке жарамдуу калкты жумушчулардын каалоосуна жана классификациясына жараша экономиканын секторлору, жашаган жери жана экономикалык ишмердүүлүктүн түрлөрү боюнча жана өзүн жана багуусунда турган өзүнүн үй-бүлөсүнүн мүчөлөрүн багуу үчүн акча иштеп табуусу үчүн жумушка орноштуруу саналат. Мында эмгек акысы салынган эмгектин көлөмүнөн жана сапатынан көз каранды түрдө ишке ашырылат.

Тажикстандагы эмгек рыногу эмгек боюнча суроо-талаптан жана сунуштан, ошондой эле кесипти тандоо эркиндигинен жана сунуш кылынган жумуш ордунан көз каранды түрдө иштейт.

Эмгек өзүн гана эмес, коомду жана мамлекеттик багуу үчүн кирешени өндүрөт. Адилет эмгек наркын, керектөөчүлүк бааларды, салыктарды, тиешелүү дем берүүлөрдү түптөө маанилүү. Бөлүштүрүүнүн жана кайра

бөлүштүрүүнүн механизмдерин өркүндөтүү эмгектин ийгиликтүү натыйжаларын калктын аз камсыз болгон катмарларын колдоого багыттоого мүмкүнчүлүк берет.

Тажикстан үчүн жыргалчылыктын деңгээлинин негизги багыттарынын катарына жумуштуулуктан сырткары эмгек акысынын деңгээлин жогорулатуу да кирет. Бул түшүнүктүү, анткени эмгек акысынын деңгээли менен жыргалчылыктын ортосунда түздөн-түз байланыш бар. Калктын экономикалык абалы жыл сайын жакшырууда, эмгек акысы жана калктын акчалай кирешелери улам көбөйүүдө. Акыркы 12 жыл аралыгында эмгек акынын өлчөмү 35,6 эсеге, калктын акчалай кирешелери 18,5 эсеге, калктын чыгашалары жана аманаттары 21,2 эсеге өстү. Албетте, бул жетишкендиктердин негизи Тажикстандагы эмгек рыногунун абалы менен түздөн-түз байланышкан. Өз кезегинде эмгек рыногунун түптөлүүсү жана аны тескөө бүгүнкү күндө ишке ашырылган жана ашырылып жаткан Тажикстан Республикасын 2015-жылга чейин өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы, Тажикстан Республикасынын эмгек рыногун 2020-жылга чейин өнүктүрүүнүн мамлекеттик стратегиясы, Тажикстандын калкынын жыргалчылыгынын деңгээлин келечекте жогорулатуунун стратегиясы сыяктуу стратегиялык жана программалык документтердин алкагында болуп жатат.

Калктын жумуштуулугун жакшыртуу боюнча негизги иш-чаралардын катарына жумушсуздукту кыскартуу кирет. Жумушсуздук – бул жумуш күчүн бир бөлүгүнүн керек болбой калгандыгы. “Жумуштуулуктун мамлекеттик кызматынын органдарында катталышкан жумушсуздардын катарына жумушу жок жүрүшкөн, жумуш издеген жана белгиленген тартипте жумуштуулуктун мамлекеттик органдарында жумушсуздун официалдуу макамын алышкан жактар киришет[4]”. Республикадагы жумуштуулук кызматтарында катталышкан 2010-2017-жылдардагы жумушсуздардын саны төмөнкү графикте берилген (3-график).

3-графиктен көрүнүп тургандай, жумушсуздардын саны өсүү тенденциясына ээ. Бул калктын жана анын экономикалык жактан жигердүү бөлүгүнүн санынын экономиканын секторлорундагы жумуш орундарынын өсүүсү менен салыштырмалуу алдыда бара жаткан өсүүсү менен байланышкан. Практика жумушсуздуктун деңгээлинин жогорулоосунун негизги себептери болуп эмгек акынын деңгээлинин төмөндүгү жана жогору квалификацияны талап кылбаган жумуш орундарынын бар экендиги саналаарын көрсөттү.

Тажикстандын калкынын жумуштуулугун бир өзгөчөлүгү – бул официалдуу статистикадана сыртта калган формалдуу эмес экономиканын иштөөсү менен байланышкан көмүскө жумуштуулук. Көмүскө экономиканын өлчөмүн аныктоо кыйын, себеби аны эсептөөнүн ишенимдүү

[4] Рынок труда в Республике Таджикистан. Душанбе: Агентство по статистике при Президенте Республики Таджикистан, 2013. - С.- 117.

куралдары жок. Мындан сырткары, салт катары адамдар эмгек ишмердүүгүндө жумушка убактылуу жалдануу тартибинде жана эреже катары, официалдуу юридикалык жактар аркылуу катталбастан катышышат.




3-график. 2010-2017-жылдардагы жумушсуздардын саны (миң адам)

Булагы: http: //www.stat.tj; Тажикстан Республикасынын статистикалык жылдык басылмасы. Душанбе, 2018. Тажикстан Республикасындагы эмгек рыногу. Тажикстан Республикасынын Президентинин алдындагы статистика боюнча агенттик – 2017-ж., 146-бет; “Тажикстан в цифрах” кыскача статистикалык жыйнагы. Душанбе, 2018. 88-89-беттер.

Калктын жумуштуулугунун кезектеги мүнөздөмөсү жумушсуздардын түзүмү менен байланышкан. Талдоо жумушсуздардын арасында салыштырмалуу салмагы боюнча эркектерге караганда 25 жашка чейинки курактагы аялдар жана жаштар басымдуулук кылаарын көрсөттү. Бул 25 жашка чейинки курактагы аялдар менен жаштарды думушка жайгаштыруудагы кандайдыр бир теңсиздик менен байланышкан. Аялдар өздөрүнүн организмдеринин физиологиялык өзгөчөлүктөрүнө жараша оор жумуштарды аткара албагандыгынын же жумуш убактысынан сырткары убакта (мисалы, түнкү убакта) жумушта кала албагандыгынын айынан эркектер менен тең катарда жумушка орношо албай жаткан болсо, жаштарга жетишээрлик иш тажрыйбасынын же жумушчу же башка квалификациясынын жоктугунан жумушка орношуу кыйын. Жумуш берүүчүлөр мындайга мыйзам түрүндөгү жоболор тыюу салганына карабастан түрдүү себептер менен кош бойлуу же балалуу аялдарды жумушка алуудан баш тартышат.

Башка бир себеби – жаш адистердин тиричилик жактан ордун таппагандыгы жана алардын, өзгөчо педагогикалык адистердин эмгек акысынын төмөндүгү. Айыл жерлеринде өзүнүн адистиги боюнча иштөөнүн ордуна жаштар шаарлардагы жеңил иштерди, айрыкча рыноктордогу тейлөө чөйрөсүндөгү иштерди артык көрүшөт. Акыркы жылдарда жогорку билимдүү адистердин керек болбой калгандыгынан жаштар андан ары

Россияга, Казахстанга барып иштөө үчүн ширетүүчү, кыш кыноочу, жыгач устачылык ж.у.с. жумушчу кесиптерге кайра үйрөнүшүп жаткан учурлар көп таралды.

Тажикстанда калктын саны 2-2,3%га көбөйүп жаткандыгын белгилей кетүү керек, бул эмгек ресурстарына анык бир кошумча болуп жатат. Ушуга байланыштуу калктын жумуштуулук көйгөйлөрүн чечүү жана жумушсуздукту азайтуу максатында төмөнкү маселелерди ишке ашыруу керек:

- калктын жумуштуулугу менен алектенишкен мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгүн калктын жумуштуулугуна кол кабыш кылууда кызматтардын жаңы түрлөрүн киргизүү менен жаңылоо;
- жумуш издеген жарандарды республикадагы ири курулуш объекттериндеги ж.б. жаңыдан түзүлүп жаткан ишканалар жана курулуштардагы бош жумуш орундардын эсебинен жумушка орноштурууга жардам берүү;
- республиканын экономикасынын тармактарында жумуш орундарын түзүүнү башкаруу механизмин иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;
- калктын жумуштуулугунун деңгээлин жогорулатуу;
- калкты жумуш менен кмсыз кылуунун мамлекеттик органдары тутумундагы кесиптик окутуу мекемелеринин тармагын кеңейтүү, алардын материалдык-техникалык базасын чыңдоо, эмгектин ички жана сырткы рынокторунун талабына туура келген заманбап окуу программаларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;
- жашы чоңдорго кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү социалдык өнөктөштүктү иш ке киргизүү;
- кесиптик көндүмдөргө болгон суроо-талапты аныктоо боюнча изилдөөлөрдү жүргүзүү;
- калкты жумуш менен камсыздоонун мамлекеттик саясатынын иш-чараларын координациялоону камсыз кылуу.

Ошого карабастан, жогору маалыматтык технологиялар кылымында бааларга таасир берүүчү прогрессивдүү тенденциялардын, түрдүү өлкөлөрдүн элдеринин керектөө маданиятынын өз ара таасиринин астында керектөөчүлөрдүн артыкчылыктарынын өзгөрүүсү орун алып жатат, мунун баары акыр аягы анык бир жердеги жана анык бир календардык убакыттагы товарлардын жана кызматтардын керектөөчүлүк баасынын калыптануусунда өз чагылуусуна ээ болуп жатат. Муну Тажикстандагы азык-түлүк товарларына болгон орточо баалардын мисалында карап көрөлү (2-таблица).

Бул таблицанын маалыматтарынан көрүнүп тургандай, орто салмакталган баалар термелүүгө ээ. Мындай талдоолорду товарларды жана кызматтарды өндүрүүчүлөр үчүн алардын утурумдук жана стратегиялык аракеттериндеги бута катары колдонуусу үчүн белги сыяктуу колдонууга болот. Бирок, негиздүүрөөк белгини мезгил-мезгили менен илимий ыкмалар

аркылуу орнотулуусу мумкүн болгон керектөөчүлүк баалардын божомолу берет.

Азык-түлүктүк жана азык-түлүктүк эмес товарларды керектөөнүн маданиятына келчү болсок, анда да аң-сезимдүү керектөөнү түптөөнүн жана дени сак жашоо образын жүргүзүүнүн эсебинен жыргалчылыкты жакшыртуунун анык бир резервдери бар. Мындай иш-чараларга төмөнкүлөр кирет:

- жок дегенде азык-түлүк продукттарын керектөөнүн улуттук нормаларын ЖМК, атайын маалымдоолор аркылуу калк жетиштүү эмес керектөөнүн да, артыкча керектөөнүн да зыяны жөнүндөгү так элестөөлөргө ээ болуусу үчүн орнотуу жана жайылтуу;
- дени сак муундун өсүүсү үчүн энелик жана балалыкты коргоо атайын кам көрүүгө муктаж;
- ата-мекендик да, импорттук да азык-түлүк товарларын экологиялык тазалыкка экспертизалоо;
- керектөө маданиятын балалык чактан, өзгөчө мектептеги кенже класстардан баштап үйрөтүү, себеби адат дал ушул бала чактан калыптанат;
- көп сарптоолорго алып баруучу элдик үрп-адаттардын ж.б. каада-салттардын өтө артыкча колдонуулуусун чектетүү, себеби элитанын анык бөлүгү тарабынан жасалма түрдө жайылтылып жаткан мындай сарптоолорду эмгектик кирешелер менен ордун толтурууга мүмкүн эмес.

Сырткы байланыштарды күчөтүү максатында Тажикстанга эл аралык көргөзмөлөрдө жана ярмаркаларда катышууну жигердештирүүсү, ошондой эле продукциянын суроо-талабына жана сатылуусуна дем берүүнүн мындай формаларын өзү да уюштуруусу керек. Мындан сырткары, соода-сатыкты эл аралык мамилелердин заманбап талаптарына ылайык өзгөртүп түзүү зарыл. Сырткы байланыштарды өркүндөтүү үчүн ички рынокту коргоо боюнча иш-чаралар ушул эле катарда турат.

Калктын жыргалчылыгын жакшыртуунун негизги багыттары болуп калктын жумуштуулугун Тажикстандын өзгөчө жумушсуздардын салыштырмалуу салмагы чоң болгон айыл жерлеринде жакшыртуу боюнча иш-чаралар саналат. Ушуга байланыштуу жаңы жумуш орундарын түзүү, айыл чарбалык эмес маанидеги жумуштуулуктун масштабын кеңейтүү, айыл чарба өндүрүшүн уюштурууга жаңы технологияларды жана инвестицияларды киргизүү ж.б. сыяктуу багыттарды бөлүп кароо керек.

Калктын жыргалчылыгынын деңгээли калкты, өзгөчө анын социалдык жактан аярлуу бөлүгүн социалдык коргоону өркүндөтүүнүн эсебинен да түптөлөт. Негизги иш-чара катары иште энеликти коргоону жакшыртуу, балдардын өлүмүн жоготуу, өндүрүштүк жана маданий деңгээлди жогорулатуу сунушталат. Ошондой эле иште саламаттыкты сактоо жана билим берүү чөйрөсүндө материалдык-техникалык базаны кеңейтүү жана жакшыртуу боюнча кечиктирилгис иш-чаралар белгиленген.

Пенсиялык камсыздоону, майыптарга, убактылуу эмгекке жарамдуулугун жоготкондорго жана социалдык жардамга муктаж адамдардын башка категорияларына жөлөк пул дайындоо жараянын жакшыртуунун зарылдыгына өзгөчө басым жасоо керек. Биздин оюбузча, социалдык коргоо жараяны калктын кеңири катмарына ачык-айкын жана түшүнүктүү болуусу керек, ошондой эле бул жараянды заманбап сандык технологияларга өткөрүү зарыл.

Үй-бүлөлөрдүн кирешелүүлүгүн чоңойтууда экономиканын дүйнө-чарбалык байланыштардын алкагындагы интеграциясы чоң мааниге ээ. Биздин оюбузча, аракеттерди өндүрүштүк ишмердүүлүктүн экспортко багытталган чөйрөсүн түзүүгө багыттоо, товарлардын жана кызматтардын сырткы рыноктorго чыгуусу үчүн атаандаштык артыкчылыктарды түзүү зарыл. Экономиканын интеграциясынын деңгээли канчалык жогору болсо, калктын жыргалчылыгынын деңгээли да ошончолук жогору болот.

## ТЫЯНАКТАР ЖАНА СУНУШТАР

Изилдөөнүн натыйжалары боюнча төмөнкү тыянактар жана сунуштар аткарылды.

1. Изилдөөбүз жыргалчылык – бул коомдогу индивиддин же социалдык топтун бүтүндөй коомдун жана жекече алганда индивиддин өнүгүүсү менен аныкталуучу тиричилик шарттары экендигин аныктоого мүмкүнчүлүкберди. Мында ал материалдык жана материалдык эмес керектөөлөрдү канааттандыруу үчүн арналган байлыктардын жана кызматтардын болуусун өз ичине камтыйт.

Тажикстан Республикасы сыяктуу өткөөл мезгил өлкөлөрү үчүн калктын орточо жашоо деңгээлин турукташтыруу боюнча иш-чаралардын комплексин ишке ашыруу негизги маселе болуп саналат. Жакырчылыктын масштабын улам чындап кыскартууга жетишүү өтө маанилүү. Бир эле убакта аймактык өнүгүүнүн түрдүу шарттарында жашап жатышкан калктын түрдүү категорияларынын жашоо деңгээлдеринин арасындагы айырманы азайтуу боюнча иш-чаралар көрүлдү. Калктын жыргалчылыгы категориясы адамдын көп түрдүү керектөөлөрүнүн өнүгүү масштабын, аларды адамдардын ишмердүүлүгүнүн негизги чөйрөлөрүндө жашаган орду, жаратылыштык-климаттык ж.б. табигый шарттардан көз каранды түрдө канааттандыруунун мүнөзүн, деңгээлин жана даражасын чагылдыруусу керек.

2. Адамдардын жыргалчылыгынын методологиялык маселелери керектөөнүн аны материалдык жана руханий байлыктар менен канааттандыруу менен болгон өз ара байланышын жана адамдардын тиешелүү байлыктарды сатып алуу үчүн сатып алуу жөндөмдүүлүгүн камсыз кылууну ачып көрсөтүүнү талап кылат.

Мындагы адамдардын керектөөлөрү түрдүүчө болуп өтөт жана бул нерсе сандык жактан да, сапаттык түзүмдөр планында да айырмаланышат.

Алардын арасында адатта баштапкы керектөөлөр, б.а. адамдын физиологиясы менен байланыштуу тамакка, сууга, абага, уйкуга болгон керектөөлөр бөлүнүп турат. Булар адамдын биологиялык тү катарындагы жашоосун камсыз кылышат. Экинчилик керектөөлөр коомдук өнүгүүнүн жүрүшүндө иштелип чыгылат. Алар тиричилик жараянында турмуштук тажрыйбага, көндүмдөргө ээ болуунун базасында түптөлүп, адамдардын психологиясы, алардын жашоо шарттары, коомдо тарыйхый түрдө түптөлгөн жүрүм-турум нормалары менен аныкталат. Биздин көз карашыбызча, саналып өтүлгөн бул керектөөлөр негизинен алардын жаратылыштык-климаттык жайгашуусу боюнча бар болуусу менен байланышкан, калктын керектөөсүн канааттандырууну баалоонун түрдү көрсөткүчтөрүн түптөөдө ушуларды эсепке алуу жана аларга карап түзөтүүлөрдү жүргүзүү керек. Адамдардын материалдык жана руханий байлыктарга болгон керектөөсүн алардын төлөмгө жөндөмдүү суро-талабы менен теңдөө, б.а. адекваттуу төлөмгө жондөмдүүлүктү камсыз кылуу да маанилүү.

3. Калктын жыргалчылыгы көйгөйлөрүнүн комплекси практикада сырткы экономикалык байланыштар, түрдүү деңгээлдеги экономикалардын интеграциясы, мамлекеттер арасындагы экономикалык кызматташтык ж.у.с. чөйрөлөрдө болуп жаткан кубулуштар менен үзгүлтүксүз байланышкан, себеби дүйнө-чарбалык байланыштар бир эле убакта түрдүү өлкөлөрдө жашаган адамдардын эмгектик ишмердүүлүгүнүн натыйжалары менен алмашууну чагылдырат. Өз кезегинде мындай алмашуу жараяндары кирешелерди алуунун пайдалуулугуна негизделген, бул болсо калктын жыргалчылыгынын негизги мазмуну болуп саналат.

4. Изилдөөдө Тажикстандын калкынын жыргалчылыгынын деңгээлин жогорулатуунун тенденциялары жана факторлору белгиленип, калктын жыргалчылыгынын учурдагы абалына талдоо жүргүзүү менен бул багыттагы иш чараларды ишке ашыруунун потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрү аныкталды.

5. Азыркы этапта социалдык-экономикалык өнүгүүнүн камсыз кылууда эмгек ресурстарын пайдалануунун ролуна өзгөчө маани берилүүдө. Автор эмгек ресурстарынын потенциалына баа берүү менен эмгектик салымдардын теориялык аспекттерин жана эмгектин артыкчалыгы, ошондой эле эмгек потенциалын пайдалануунун жетишсиздиги аркылуу пайда болгон чындыкты жана буга байланыштуу пайда болуучу, калктын негизсиз миграциясына алып келүүчү көйгөйлөрдү тактады. Калктын жумуштуулугун жумуш орундарын түзүүнүн жана айыл жерлеринде агрардык да, айыл чарбалык эмес да багыттагы өндүрүш тармактарын өнүктүрүүнүн эсебинен жакшыртуу боюнча иш чаралар сунушталды.

6. Жыргалчылыкты жакшыртуунун маанилүү багыттарынын бири катары иште калкты пенсиялык камсыздоо жана жөлөк пулдарды дайындоо чөйрөсүндө социалдык коргоону күчөтүү боюнча иш чаралар каралды. Муну менен кошо саламаттыкты сактоо жана билим берүү тутумун, өзгөчө энелердин жана балдардын өлүмүн азайтуу, ошондой эле билим берүү

мекемелеринин түрдүү типтеринде адистерди даярдоо жаатында жакшыртуунун жолдору сунуш кылынды.

7. Биздин оюбузча, жыргалчылыктын деңгээлине сырткы соода жана түрдүү өлкөлөрдүн экономикалык кызматташтыгы аркылуу чет өлкөлүк байланыштарды өнүктүрүү оң тараптуу таасирин берет. Жекече алганда, Тажикстан үчүн республикада чындыгында импорт экспорттон бир далай ашып түшкөн сырткы экономикалык байланыштардын терс сальдосу орногондугун эске алып, жыргалчылыктын максат кылынган деңгээлин камсыз кыла ала турган экспорттук жана импорттук амалдардын коомдук зарыл болгон деңгээлин орнотуу сунуш кылынат. Иште ишмердүүлүктүн экспортко багытталган чөйрөлөрүн өнүктүрүүнүн жолдору сунушталды.

## III. ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА БАСМАДАН ЧЫККАН ИШТЕРДИН ТИЗМЕСИ:

**А) Тажикстан Республикасынын Президентинин алдындагы Жогорку аттестациялык комиссиясы жана Россия Федерациясынын билим берүү жана илим министрлиги тарабынан сунушталган жетектөөчү рецензиялануучу илимий журналдардын жана басылмалардын тизмесине кошулган басылмаларда жарык көргөн эмгектер:**

1. Саттаров Э.И. Интеграционные отношения РТ с интеграционными организациями. [Текст] /Саттаров Э.И. //Вестник финансово экономического института Таджикистана. Серия: 2/3 (111) Экономические науки. - 2013. - С. 56-60.

2. Саттаров Э.И. Ретроспективный анализ уровня благосостояния населения Республики Таджикистан. [Текст] /Саттаров Э.И. //Образование и наука в России и за рубежом международный научный журнал. - 2018. №11. - С. 46-50.

3. Саттаров Э.И. Проблемы миграции в рамках стран большой Евразии: Теоретическая и практическая оценка миграции. [Текст] /Саттаров Э.И. //Журнал наука Новые Технологии и инновации Кыргызстана. - 2017. - №9. – С.102-105.

4. Саттаров Э.И. Методологические основы измерения и оценки степени неравенства доходов и уровня благосостояния населения в современных условиях хозяйствования. [Текст] /Саттаров Э.И. //Известия вузов Кыргызстана. – Бишкек. - 2017. - № 8. - С. 63-67.

**Б) башка илимий басылмаларда жарык көргөн эмгектер:**

5. Саттаров Э.И. Учёт расходов и формирование ценообразования в сфере туризма. [Текст] /Саттаров Э.И. /Сборник научных трудов Финансово-экономический институт Таджикистана. - 2015. - С.21-23.

6. Саттаров Э.И. Формирование денежных доходов населения РТ. [Текст] /Саттаров Э.И. /Материалы Республиканской научно-практической конференции. - 2015. - С.100-103.

7. Саттаров Э.И. Формирование международных миграционных процессов как условие воспроизводства рабочей силы в РТ. [Текст] /Саттаров Э.И. //Вестник Таджикского национального университета №2/3(201). – Душанбе. -2016. - С. 30-32.

8. Саттаров Э.И. Процесс снижения уровень бедности в Республики Таджикистана. [Текст] /Саттаров Э.И. /Сборник научных трудов Финансово-экономический институт Таджикистана. - 2016. - С.89-92.

9. Саттаров Э.И. Формирвание продовольственной безопасности в условиях членства РТ в ВТО. [Текст] /Саттаров Э.И. /Сборник научных трудов Финансово-экономический институт Таджикистана. - 2016. - С.56-60.

10. Саттаров Э.И. Снижение уровня безработицы – основа повышения уровня благосостояния населения в Республике Таджикистан. [Текст] /Саттаров Э.И. //Образование и наука в России и за рубежом международный научный журнал. - 2018. - №7. - С.70-76.

11. Саттаров Э.И. Пути улучшения занятости населения и повышения на этой основе доходов семьей как основной источник повышения благосостояние. [Текст] /Саттаров Э.И. //Образование и наука в России и за рубежом международный научный журнал - 2018. - №10.

**Сатторов Эрадж Ибодуллоевичтин “Дүйнөлүк чарбадагы экономикалык байланыштарды интеграциялоо шарттарында калктын жыргалчылыгынын деңгээлин жогорулатуунун негизги багыттары (Тажикстан Республикасынын материалдарынын негизинде)” аттуу темадагы 08.00.05 – Экономика жана эл чарбасын башкаруу адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациясынын**

**РЕЗЮМЕСИ**

**Негизги сөздөр:** жыргалчылык, жыргалчылыктын деңгээли, киреше, кирешенин деңгээли, экономикалык байланыштардын интеграциясы.

**Изилөөнүн объекти:** жыргалчылыктын деңгээлинин негизги параметрлери, таасир берүүчү факторлор, Тажикстандын калкынын кирешелеринин теңсиздигинин тенденциялары жана алардын өлкөнүн экономикасынын дүйнөлүк чарба тутумуна интеграциялануусунун таасири астындагы динамикасы.

**Изилдөөнүн предмети:** калктын арасында кирешелерди тең бөлүштүрүүнү камсыз кылуу жараянында болуп өтүүчү экономикалык жана социалдык мамилелер жана өлкөнүн калкынын жыргалчылыгын анын дүйнөлүк экономикалык тутумга интеграциялануусу жараянындагы деңгээлин жогорулатуу.

**Изилдөөнүн максаты:** калктын жыргалчылыгы деңгээлин теориялык негиздөө жана аны жогорулатуунун факторлорун издеп табуу, мамлекеттин социалдык саясатынын натыйжалуу механизмдерин түптөө боюнч иш-чараларды жана сунуштамаларды иштеп чыгуу жана анын өлкөнүн экономикасынын дүйнө-чарбалык тутумга интеграциялануу шарттарындагы аракетинин натыйжаларын баалоо.

**Изилдөөнүн ыкмалары:** Теориялык жоболорду изилдөөдө жана тыянактарды негиздөөдө төмөнкү ыкмалар колдонулду: диалектикалык ыкма, дедуктивдүү жана индуктивдүү талдоо, тутумдук ыктоо принциптери, логикалык моделдөө, салыштырмалуу жана экономика-математикалык талдоо.

**Алынган натыйжалар:** Булар Тажикстандын элинин жыргалчылыгынын деңгээлине жана кирешелердин теңсиздигине таасирин тийгизүүчү факторлорду негиздөөдө турат. Алынган натыйжалар өз ара байланыштуу, практикалык сунуштамалар текшерилген теориялык жоболорго таянуу менен тургузулган. Сунуш кылынып жаткан бул иш экономикалык байланыштарды дүйнөлүк чарбага интеграциялоо шарттарында калктын жыргалчылыгынын деңгээлин жогорулатуунун зарылдыгын көрсөтүүгө болгон далалаттардын бири болуп саналат.

**Колдонулуу даражасы:** Изилдөөдөн алынган натыйжалар экономист, менеджер жана социалдык кызматкер адистиктерин даярдоонун лкуу жараянында окуу сабактарын окутууда колдонулат.

Колдонуу чөйрөсү: Изилдөөгө болгон методологиялык ыкмаларда алга сүрүлгөн жана негизделген негизги жоболор жана тыянактар мыйзам чыгаруучу, башкаруунун аткаруу жана жергиликтүү органдары тарабынан Тажикстандын калкынын жыргалчылыгынын деңгээлин жогорулатууга багытталган максаттуу программаларды иштеп чыгуусунда колдонулуусу мүмкүн.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Сатторов Эрадж Ибодуллоевич на тему «Основные направления повышения уровня благосостояния населения в условиях интеграции экономических связей в мировом хозяйстве (на материалах Республики Таджикистан)» на соискание ученой степени кандидата экономических наук по специальности 08.00.05 – Экономика и управление народным хозяйством**


**Ключевые слова:** благосостояние, уровень благосостояния, доход, уровень дохода, интеграция экономических связей.

**Объект исследования**: основные параметры уровня благосостояния, влияющие факторы, тенденции неравенства доходов населения Таджикистана и их динамика под воздействием интеграции экономики страны в систему мирового хозяйства.

**Предмет исследования:** экономические и социальные отношения, происходящие в процессе обеспечения равного распределения доходов среди населений и повышения уровня благосостояния населения страны в процессе ее интеграции в мировую экономическую систему.

**Цель исследования:** теоретическое обоснование и выявление факторов повышения уровня благосостояния населения, выработка меры и рекомендаций по формированию эффективных механизмов социальной политики государства и оценка результатов ее действия в условиях интеграции экономики страны в мирохозяйственную систему.

**Методы исследования:** При исследовании теоретических положений и обосновании выводов были применены: диалектический метод, дедуктивный и индуктивный анализ, принципы системного подхода, логическое моделирование, сравнительный и экономико-математический анализ.

**Полученные результаты:** Заключаются в обосновании факторов, влияющих на уровень благосостояния и неравенства доходов населения в Таджикистане. Полученные результаты взаимосвязаны, практические рекомендации построены на выверенных теоретических положениях. Предлагаемая работа является одной из попыток показать необходимость повышения уровня благосостояния населения в условиях интеграции экономических связей в мировом хозяйстве.

**Степень использования:** Полученные результаты исследования используются в учебном процессе при подготовке специалистов экономистов, менеджеров и социальных работников при чтении учебных дисциплин.

**Область применения:** Основные положения и выводы, выдвинутые и обоснованные в методологических подходах к исследованию, могут быть использованы законодательными, исполнительными и местными органами управления при разработке целевых программ повышения уровня благосостояния населения Таджикистана.

## SUMMARY

**Sattorov Eradzh Ibodulloevich's dissertation on the topic «The main directions of improving the welfare of the population in the context of the integration of economic relations in the world economy (on materials of the Republic of Tajikistan)» for the degree of candidates of economic sciences in the specialty 08.00.05 - Economics and Management of National Economy**

**Keywords:** welfare, welfare level, income, income level, integration of economic relations.

**Object of study:** the main parameters of welfare, influencing factors, trends in income inequality of the population and their dynamics under the influence of the integration of the economy into the world economy system.

**Subject of research**: economic and social relations occurring in the process of ensuring equal distribution of income among the population and increasing the welfare of the population in the process of its integration into the world economic system.

**Research methods:** In the study of theoretical positions and the rationale for the conclusions were applied: dialectical method, deductive and inductive analysis, principles of a systems approach, logical modeling, comparative and economic and mathematical analysis.

**The purpose of the research**: theoretical substantiation and identification of factors that increase the level of welfare of the population, develop measures and recommendations for the formation of effective mechanisms of state social policy and evaluate the results of its action in the context of the integration of the country's economy into the world economic system.

**Results obtained:** They consist in substantiating the factors affecting the welfare and income inequality of the population in Tajikistan. The results obtained are interrelated, practical recommendations are based on verified theoretical principles. The proposed work is one of the attempts to show the need to improve the welfare of the population in the context of the integration of economic ties in the world economy.

**Degree of use:** The results of the study are used in the educational process in the training of specialists economists, managers and social workers when reading academic disciplines.

**Scope:** The main provisions and conclusions put forward and substantiated in the methodological approaches to the study can be used by legislative, executive and local authorities in the development of targeted programs to improve the welfare of the population of Tajikistan